УДК: 821.512.154.

Г. Рыскулова,
Жалал-Абад мамлекеттик университети,
филология илимдеринин кандидаты, доценти
Jfilolog@mail.ru 0770 60 92 20

“МАНАС” ЭПОСУНДА АЯЛДАРДЫН ОБРАЗЫН ТУЮНДУРУУДА ПСИХОЛИНГВИСТИКАЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН КОЛДОНУЛУШУ

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПСИХОЛИНГВИСТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ В ИНТЕРПРЕТИРОВАНИИ ОБРАЗА ЖЕНЩИН В ЭПОСЕ “МАНАС”

THE USE OF PSYCHOLINGUISTIC DEVICE IN DESCRIBING THE CHARACTER OG WOMEN IN EPIC «MANAS»

Аннотация: *Жаратылыштык кубулуштар, көрүнүштөр адамдарга улутуна карабастан бирдей таасир этсе да, адамдар аларды аң-туюмунда ар башка кабыл алат. Ар бир улуттук тилдин өзүнө тиешелүү кабыл алуусу, аны атоосу жана тыбыштык түзүлүшү болуп, бир улутту экинчи бир улуттан айырмалоочу тилдик каражаттары болот. Ошого байланыштуу улуттук этностук психологиялык кабылдоо жана психлингвистикалык каражаттар келип чыгат. Көчмөн турмушта жашаган элдин этномаданиятынын, каада-салтынын калыптанышы көп кылымдарды ичине батырып, аларды атадан балага тарбия сымал өткөрүүдө тилдик каражаттар кызмат кылат. Көп кылымдык көчмөн турмуштагы кыргыз тилин алып жүргөн элдин дүйнө кабылдоосун, мүнөзүн тарыхый окуяларга бай болгон “Манас” эпосу аркылуу билүүгө болот. Макалада дүйнөнү кабыл алуудагы улуттук өзгөчөлүк, адамдардын мүнөзүнүн калыптанышы, ага ылайык мамиленин, кебете-кешпирдин өзгөрүшүн, тилдик каражаттардын колдонулушун “Манас”эпосундагы мисалдар аркылуу талдоого аракеттендик.*

Түйүндүү сөздөр: *кабыл алуу, көчмөн турмуш, этномаданият, түшүнүк, лексикалык бирдик, эмоция, психолингвистикалык каражат, коннотация, карым-катыш, семантикалык система, дүйнө тааным.*

Аннотация: *В статье рассматриваются вопросы использования психолингвистических средств в использовании образа женщин в героическом эпосе “Манас”. Каждому национальному языку присущи своеобразные языковые восприятия, именование, система звуков, языковые средства. В процессе исторического развития народа складываются сугубо национально-этнические восприятия, уровни владения языком, психолингвистические средства и сформировывается языковая личность. В эпосе “Манас” отражены миропонимание и языковая картина мира древних кыргызов. Отмечается роль психолингвистических средств в отображении и выявлении эпического образа кыргызских женщин.*

Ключевые слова: *восприятие, кочевой жизнь, этнокультура, понятие, лексическая единица, эмоция, психолингвистическое средства, коннотация, отношение, семантическая система, мировозрение.*

Annotation: *Natural phenomenon, events impress on people equally, but people admit them according to their mind. Each nation has its national language peculiarities which differs it from another nation. In result here appeared national realization and psycholinguistic device. The culture and tracition of nomac people have been developed for many years, und language device help parents in upbringing of children. Worlcvier*

and character of nomad people are described in historical epic «Manas». The article deals with the language reculiarities in worldview, the development of character, change of appearance. There was given anaysis with examples from epic «Manas».

Key words: *Audience, nomad life, ethnoculture, consept, lexical sign, emotion, psycholinguistic aids, connotation, connection,semantic system.picture of life.*

Адам баласы өзү курчап турган чөйрөнү таанып билүү менен аны атайт, атоодон мурда зат жөнүндөгү баш мээде кабыл алынган элес, келбети көз алдыга тартылат. Баш мээге чагылган нерсенин атын атоодон мурда пайда болгон түшүнүк көз алдыга ал жөнүндө образды алып келет да денотацияны пайда кылат. Ал зат жөнүндөгү денотативдик түшүнүк атоого муктаж болот. Натыйжада аны атоо аркылуу номинация же андан улам келип чыккан коннотация (коннотациялык атоо, же маани) келип чыгат. Бул сыяктуу жаңы түшүнүктөрдү жаңыдан атоолордун пайда болушунан улам тилде лексикалык бирдиктердин көбөйүшү же семантикалык системанын кеңейиши болуп туруучу табигый процесс. "Эгерде ар бир жаңы түшүнүктүн атын атоодо адам аң-туюмунда мурунку заттарды же денотаттар жөнүндө элес берсе, акыл-эсте анализ жана ситездештирүүнүн натыйжасында мурунку эле аталыштардагы сөздөрдүн жаңы мааниси кеңеет да, семантикалык системанын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Ал эми акыл-эсте ага окшош образды бербесе, анда жаңы сөз пайда болот да, лексикалык составдын байышына алып келет. Мындай атоолор кеп каражаттары катары оюн башкаларга билдирүү үчүн кызмат кылат. Ошону менен тилде лексикалык бирдиктер (сөздөр) жана пикирлешүү каражаттары пайда болуп турат"[1.].

Ар бир улуттук тилдин жеке өзүнө тиешелүү улуттук психикалык кабылдоосу, кайра чагылдыруусу жана тыбыштык түзүлүшү бир улутту экинчи бир улуттан айырмалоо аркылуу тилдик каражаттары пайда болуп турат. Анткени улутуна карабастан, жаратылыштык кубулуштар, окуялар, көрүнүштөр бардык адам баласына бирдей таасир этет. Бирок ны кабылдап, кайрадан атоосу ар бир улуттун жеке өзгөчөлүгүнө карата ишке ашат. Ошого байланыштуу улуттук этностук психологиялык кабылдоо жана психолингвистикалык каражаттар пайда болуп отурат.

«Тилдик каражаттарды бир гана лингвистикалык тараптан изилдебестен, бир канча тармактык изилдөөнүн негизин өткөн кылымдан баштап, америкалык дескриптивдик лингвистикалык багыт пайда болгондон башталат» [2.1972]. Чынында дүйнө тааным жана аны маданияттык, этностук, тарыхый, психологиялык, логикалык, философиялык ж.б. алкакта кароо максатка ылайыктуу. Муну тилдин келип чыгышы жана сөздүн пайда болуп, маанилик жылышын иликтөөдөгү (семасиологиялык) илимий көз караштардан көрө алабыз [2.]. Маселен, таң калуу дүйнө элдеринин бардыгына мүнөздүү, бирок аны сөз менен атап берүү ар бир элдин тил каражаттарында түрдүүчө. Кыргыз тилинде бир канча семантикалык талаанын чегинде: таң калды, айран калды, оозу ачылды, аңырайды, далдырады, колу шалдайды, оозунан сөзү түштү ж.б. бир канча синонимдер, фразеологизмдер менен билдирет да, таң калуунун деңгээли образдуу чагылдырылат. Демек, мындан улам, адамдын акылына таасир эткен түшүнүктөрдүн жалпы улуттук эмоциясында чагылдырылышынын натыйжасында сезимдик образдуу лексика ар түрдүү коннотацияга ээ болот. Ал эми өтө сезимтал эмес улуттук кабылдоодо мындай атоолорду пайда кылбаганынын себеби, балким, көп нерсени этибарга ала бербегендиктен, же жөн салды гана кабылдоодон келип чыга тургандыр деген ойго алып келет. Анткени кооздукту да өкүнүүнү да, кубануу, кайгыны да жаратылыштык-философиялык көз караш менен караган дүйнө элдери бар экендиги малым. Ошондуктан кыргыз тилин алып жүргөн элдин дүйнөнү кабылдоосун, элдердин арасындагы көптөгөн кылымдарды кечиргендеги тарыхый окуяларга бай мүнөзүн эске алуу менен адамгерчилик, ага карата болгон тышкы кебетенин жана ички мүнөзүнүн калыптанышын атайын иликтөөгө алуу менен «Манас» эпосунун мисалына кайрылууну тура деп эсептейм.

Эпостогу, дегеле элдик оозеки чыгармалардагы адамды сүрөттөө азыркы кыргыз тилиндеги мисалдарга караганда айырмаланып турат. Мындай айырманын болушу коомдук тарыхы шарттын, ошол мезгилдеги башка элдер менен болгон алакалар, түзүлгөн психологиялык жагдайдын башкалыгы ж.б. себептерди атоого болот. Адамдын өзүн курчап турган чөйрө менен байланышы, карым-катышы, өзү жашаган географиялык шарт кишинин келбетине, мүнөзүнө, ички жана тышкы эс-тутумуна таасир этип, калыптандырат. Кээ бир учурда ар бир улуттун психологиялык аңсезими, туюму, дүйнө кабылдоосу, адат-салты менен кошо жүрүм-туруму да чагылдырылып, ал эл жөнүндө түшүнүк калтырылат. Адамдын тышкы кейпи да улуттук образды, турумду билдирет. Ошого караганда адам мамилесине карата улуттук ориентир жасалат, анын улуттук портрети тартылат. Ар бир улуттун өкүлүнүн сырткы көрүнүшүндөгү жалпылык образы сүрөт катары да бир элди башкасынан айырмалайт. Мисалы, сырттан Манаска атасы Жакып келинчек издеп жүрүп Каныкейди алыстан бак аралап жүргөн жеринен сынаганын карасак:

Арылбаган шорум көп,
Арты болбой калар деп,
Тууса бирди тубар деп,
Тумшугу жок жанына,
Тукумдан кудай урар деп,
Желке жагы тар экен,
Жетигип жашы толгончо,
Туубастык жайы бар экен,
Кирпиги узун, тунук көз,
Ыйлуу болоор киши экен,
Жеткире акыл ойлогон,
Тереңдик жайы бар экен,
Короз моюн, боору таш,
Бекемдик жайы бар экен [4.355]

Келтирилген текстик үзүндүдө Манаска ылайык жардын портретиндеги келбетин берүүдө жалпы калыптанган улуттук анатомо-физиологиялык норма-

лардан улам айтуучунун натыйжалуу ою келип чыгат. Аң-туюмдагы бир канчалаган мезгилдерден берки калыптанган психикалык ойлоосу, нарктоосу, байкоосу, белгилүү бир иш тажрыйбаларынын жыйындысы тигил же бул адам жөнүндө эл ичинде пикир калтырат. Жогоруда берилген саптардагы: "Желке жагы тар экен, Жетигип жашы келгенче Туубастык жайы бар экен", - деген сапта, балким, анатомиялык-физиологиялык жетиле электигин илимий жактан билбегени менен, интуитивдик бир канча мезгилден берки баамыдыр, анын натыйжасыдыр.

Ошондой эле ***көзүнүн кареги тунук, кирпиктери узун*** аялзаты да байкоолордон улам ***ыйлаак*** деп аталаар. Турмуштук тажрыйбада көзү чоң аялдар жашык болот деп айтылат, бирок ***кареги тунуктук менен кирпигинин узундугу ыйлаактык*** гана сапатка карата эмес, жарына карата болгон ички сезимдин тазалыгы, берилгендиги менен байланышаар. Мындай психологиялык тажрыйбалар али иликтөөгө муктаждыр. Ушул эле учурда маңдайын, мойнун, чачын толук мүнөздөп, ***боору таш*** экендигин берүү аркылуу мүнөзүнүн бекемдигин айтат. ***Бекемдик – сараң, зыкым же таш боор мүнөзү*** жөнүндө эмес, мүнөзүнүн туруктуулугу, акылынын жетиктиги, адамдарга болгон мамилесинин өзгөрүлмөлүү эместиги, бир беткейлиги жөнүндө айгинелейт.

Ал эми ***бору таш*** деген сөз айкашындагы негизги мүнөздүк карым-катыш бирөөгө боору оорубаган, боорукер эмес, мүнөзүндөгү катаалдыкты түз маанисинде туюндурса, бул жерде хандын жарынын өтө мээримдүү болушу зарыл эмес экендигин билдирет. Психологиялык ченден алып караганда да, эл башчылары жана анын үй-бүлөсү өтө сезимтал болбоо керек, ар бир кишиге эзиле берсе, элди башкара албайт, бардык нерсени акыл менен калчоо керек. Андыктан хандын жубайы боло турган *каныке* дил билги болуу менен бирге эле ар бир адамга эзиле бербөөсү *боору таш* фразеологизми аркылуу туюндурулган. Демек, адамдардын мүнөзүндөгү сапаттардын улуттук каада берилишин тил каражаттары менен туюндурууда психикалык темперамент да маанилүү роль ойнойт.

Манас өзүнө тең келүүчү жары кандай болушу керек экендигин атасына айтып жатып, ушундай талап коет. Балким, бул эл башчылардын жубайы мээримдүү да, назик да, берешен да, акыл кошчу да болуу менен бирге *боору таш* болсун дегенине караганда, досдушманды баалай билүүдөн душманга колтук ачпоо, мээримдүү, боорукер болуудан адамдык сезимге ойноо деген сапаттардан өйдө туруучу мүнөзгө койгон талаптыр. Бул улуттук баамдагы психикалык мүнөз болсо, аны туюндуруучу тил каражатындагы энантиосемиялык билдирүүдүр.

Сапатты билүү менен бирге ар бир адам өзүнө жар күтөт, аны менен бирдикте *сезим жана акылдын* өз ара шайкеш келүүсү толук гармонияны түзөт.

Улуттук этномаданияттын, кааданын ж.б. калыптанышы да кылымдарды ичине батырып, атадан балага өткөн тарбия сымал ар бир үй-бүлөнүн өзүнүн тарыхый адат-салты жана сапаттары бир элдин моралдык маданиятын түзөт, чөйрө менен байланыштыруучу фактор боло алат. Аны улам кийинки муунга өткөрүүдө тилдик каражаттар кызмат аткарат.

Эпосту баяндоодо Манастын жары кандай болушу керектигин карайлы:

Аалимдигин ашырып,
Жарыбыгын иш кылып,
Пирдин кызы болбосун.
Үкүлүү сексек, дөң маңдай,
Түштө туруп мен кандай,
Жардынын кызы болбосун.
Жамандык көрсө кектеген,
Талабына жетпеген
Ардуунун кызы болбосун.
Чачылуу чачпак, чалма этек,
Караңгы үйдөн каймак жеп,
Байдын кызы болбосун.
Туурук таман, тултук бет,
Туура тилини чайнаган.

Кул кызынан болбосун [5. 347]- алынган мисалда Манастын өзүнө келечекте жар болчу кыздын кандай үй-бүлөдө тарбияланып өскөнүнө, турмуштук тажрыйбасына карата пикири берилип, болочок жардын ***пирдин, жардынын, ардуунун, байдын, кулдун кызынан болбосун*** деп алардын сапаттарына токтолот.

Кадыры элге сиңип, баатырдык даңазасы алыска кеткен Манас өзүнө ылайык, акылына акыл кошкон, кыйын учурда жагдайды оңдоп, баам сала билген сезимтал, баатырдын даңазасын дагы ашыра турган жар тандоосу зарыл болчу. Болочоктогу өмүрлүк жарында кандай сапаттардын болушун Манас төмөндөгү мисалда ачык санап атасына өз оюн билдирет:

Боло турган жумушту
Болжоп билип алыстан,
Көңүлү сылык, бейли кең,
Төрт тарабы болгон тең,
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз.
Алача моюн, түймө баш,
Акыл менен эр баккан,
Баркын билип мал баккан,
Жалбарып акка жан баккан,
Ойротто жок уз болсун,
Ою терең кыз болсун
Ошондой кызды көрмөккө,
Аянбай ата көзүңдү ач. [6.348]

Бул жерде келтирилген кыска текстти үзүндүдөн көрүнүп тургандай, улуттук каада-салт кандай боло тургандыгын баамдоо менен кыргыз элине тиешелүү тарбия чөйрөсүнүн калыптанышын, жаш адамдын тарбияланышындагы башатта ата-эненин материалдык жана моралдык орду жөнүндө кеп болуп жатат. Жетиштүү эле үй-бүлөнүн тарбиясынын оң жана терс жактары, аны менен катар колунда жок үй-бүлөдөн чоңойгон кыздын турмуштук орду маалыматталат, натыйжада, этномаданий деңгээлде кароо аркылуу этнолингвистикалык семантика пайда болууда.

Адам сапаттарында ар-намыстуу киши каалаган максатына, мүдөөсүнө жетет деп билебиз. Ал эми бул жерде: ***Жамандык көрсө кектеген, Талабына жетпеген, Ардуунун кызы болбосун*** деп жатат. Демек, ***ардуу менен намыстуу*** бирде синоним болсо, бирде семантикалык ар башка талааны түзө тургандыгы белгилүү болду. Элде «***Жетим – кекчил, жесир, - арчыл***» деген макалдын төркүнү да ушуга окшош экен. Арчыл болуу бирөөдөн жамандыкты гана көрө алган, ал сапатынан улам ачууга жеңдирип, талабына жете албагандыгынан маалымат берип турат.

Контекст түшүнүктүү болуу үчүн үзүндүгө кайрылдык, бул чакан маанилик бүтүндүктү бир макаланын ченинде чечмелөөгө мүмкүн эмес. Ошондой болсо да, элдик этнолингвистикалык маанидеги тил каражаттарды жеке гана тилдик аспектиде карабастан, илимдердин аралаш негизинде (философиялык, психологиялык, логикалык, этнографиялык ж.б.) талдоо керектиги азыркы илимий изилдөөнүн актуалдуу маселелери экендигин окурмандарга тартуулайбыз.

Адабияттар

1. *Өмүралиева С. Кыргыз тили. –Б., 2005.*
2. *Психолингвистическия исследования значения слова и понимание текста:меж.вуз.темат сб.науч.тр. Калинин:КГУ,1988.*
3. *Психолингвистика за рубежом: сб. ст. отв. ред. А.А.Леонтьев, Л.В.Сахарный. –М.: "Наука", 1972.*
4. *Манас 2-китеп, Ф.: "Кыргызстан", 1980.*